**ТОКТОГУЛОВ А.,**
*КПФ*

# БАШТАПКЫ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Баштапкы кесиптик билим берүүчү окуу жайларынын окуу планына кирген предметтер кесиптик билим берүүнүн мазмунун аныктайт. Кесиптик билим берүүнүн мазмуну квалификациялуу жумушчу кадрларды окутуу процессинде ишке ашырылат да, теориялык жана өндүрүштүк окутуунун тийиштүү окуу программаларында чагылдырылып көрсөтүлөт. Кесиптик билим берүүнүн мазмуну билим берүүнүн мазмунуна карата коюлган жалпы талаптардан келип чыгарын жана кесиптик окуу жайларында квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдоонун предметтеринин программаларын түзүүдө, төмөнкүдөй көрсөтмөлөргө жооп берүүгө тийиш.

**Илимге таянуу**. Билим берүүдө илимге таянууну талап кылуу баарыдан мурда анын мазмунуна кирген билим окуучулардын аң-сезиминде обьективдүү дүйнөнүн өнүгүшүнүн чыныгы картинасын түзүүгө, анын кайра курулушуна активдүү катышууну ойготууга тийиш дегендикти билдирет. Экинчиден, билим берүүнүн мазмуну, кубулуштардын жөнөкөй жанаша жашоосунан тартып себеп байланыштарын түзүүгө чейин, жөнөкөй жана белгилүү байланыштардан тартып бир кыйла татаал, жалпы жана терең байланыштарга чейин өтүү менен жаратылыштын, адам коммунун жана ой жүгүртүүнүн кубулуштарынын реалдуу байланыштарын ачып көрсөтүүгө тийиш. Үчүнчүдөн, окуучулар өнүгүүдөгү кубулуштарды, жаратылыш кубулуштарынын жана коомдун турмушунун ички мазмуну катарында эскилигинин жаңы менен күрөшүн таанып билүүгө тийиш. Төртүнчүдөн, билимдин мазмунуна ээ болуу менен, окуучулар кубулуштарга туура, илимий диалектикалык-материалистик түшүнүк берүүчү маанилүү теориялар менен таанышууга тийиш.

Ар бир окуу предметинин мазмуну тарбиялык милдеттерди чечүү боюнча шарттарды түзүшү зарыл. Табигый-математикалык циклдеги предметтер дүйнөгө материалистик көз карашты калыптандыруунун негизи болуп саналат да, окуучулардын таанып-билүүгө кызыгууларын өнүктүрүүгө жардам берет. Гуманитардык циклдеги предметтер өзүнүн мазмуну менен окуучулардын дүйнөгө болгон көз карашына жана адептүүлүк сапаттарына түздөн-түз таасир этет, алардын коомдук активдүүлүгүн аныктайт.

Жалпы техникалык, жалпы кесиптик жана кесиптик циклдеги предметтердин мазмуну окуучуларда техникалык жана экономикалык ой жүгүртүүнү өркүндөтүүгө, жогорку өндүрүмдүү эмгекти пландаштыруунун жана өзүн өзү контролдоонун ыкмаларын калыптандырууга, ошондой эле аларды эмгекке тарбиялоого түрткү берет.

Ошондуктан жалпы билим берүүчү предметтер аркылуу атайын предметтерде техниканын жана технологиянын табигый-илимий негиздерин, ал эми коомдук предметтер боюнча ишканалардагы, цехтердеги, бригадалардагы экономикалык, коомдук, өндүрүштүк мамилелердин айкын көрүнүшүн окуучуларга түшүндүрүү менен окуу материалын баяндоо зарыл.

Жаш жумушчуларды даярдоо боюнча коюлган талаптарды турмушка ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу, кесиптик билим берүү предметтеринин мазмунуна карата маанилүү талап болуп саналат. Бул болсо окутуу процессинде окутуучулар менен өндүрүштүк окутуунун устаттары окуучуларды өз алдынча билим алууга жана өздөрүнүн билимин толуктоого, аларды андан аркы таанып билүү жана практикалк иштеринде чыгармачылык менен колдонууга, ал эми ошондой эле кеңири ой жүгүртүүгө жөндөмдүү квалификациялуу жаш жумушчуларды даярдоонун зарылчылыгы менен шартталат.

*Илимий-техникалык прогресстин талаптарына ылайыктуулугу*. Квалификациялуу кесиптин ээлерин даярдоонун милдеттери жана мазмуну туруктуу бойдон кала бербейт,

алар эл чарба өндүрүшүнүн өнүгүп жаткан талаптарынын таасири менен өзгөрүп турат. Илимдин жана техниканын жетишкендиктерин эл чарба өндүрүшүнө киргизүү, анын бир кыйла өркүндөтүлгөн техникалык каражаттары менен технологиялык процесстерин иш жүзүнө ашыруунун ыкмалары, энергиянын булактары менен байышына алып келет, бул болсо жумушчулардын эмгегинин мазмуну менен мүнөзү бир кыйла өзгөртүүнү пайда кылат. Бул бир жагынан, аларды окутуунун мазмуну бүтүндөй алганда, эл чарба өндүрүшүнүн азыркы кездеги илимий-техникалык деңгээлине жана атап айтканда алардын келечекте өнүгүшү менен ылайык келишин, ал эми экинчи жагынан, квалификациялуу кесиптин ээлерин даярдоонун перспективалык мүнөзүн камсыз кылууну талап кылат.

*Политехникалык багыт берүү*. Илимдин жана техниканын дүркүрөп өнүгүшүнүн натыйжасында болуп жаткан эмгектин мүнөзүндөгү жана мазмунундагы дайыма болуп турган өзгөрүүлөр азыркы жаш жумушчуларды эл чарба өндүрүшүнүн системасын жакшы баамдоого, технологиясы боюнча чектеш участокко эркин өтүп, аны тейлөө менен жабдууда иштин функциясын алмаштыра алгандай кылып даярдоону талап кылат. Азыркы мезгилдеги эл чарба өндүрүшүнүн бул өзгөчөлүгү политехникалык билим берүүнүн мүнөзүнө талап коюуну бир кыйла кеңейтти жана жогорулатты. Ошондуктан жаш жумушчуларды кесипке даярдоодо окуу планына политехникалык багыттагы предметтерди киргизүү зарыл. Мисалы, кеңири профилдеги тракторист-машинист кесибин алуучу жаштар, техникалык черчение, электротехника, информатика жана эсептөө техниканын негиздери деген политехникалык багыттагы предметтеринен билим алышат. Мындайча айтканда политехникалык билим берүү, жалпы билим берүү менен кесиптик билим берүүнүн ортосундагы байланыштыруучу звено болуп саналат да, жаштарга бардык жагынан билим берүүнүн зарыл компоненти болуп эсептелет.

*Билим берүү мазмунунун ырааттуулугу*. Предметтердин программаларынын мазмунун түзүүнү жөнөкөйдөн баштап татаалдаштыруу менен ишке ашыруу зарыл.

*Түшүнүктүүлүк.* Предметтер боюнча иштелип чыккан программалар билим берүүнүн мазмунунун түшүнүктүүлүгүн камсыз кылуулары тийиш. Билим берүүнүн мазмунунун түшүнүктүүлүгү окуу предметтеринин материалын окуучулар белгилүү күч жумшоо менен терең өздөштүрүүгө мүмкүндүк алгандай кылып айтып берүүнү талап кылат. Бул окуучулардын ой жүгүртүүсүнүн, эсте тутуусунун, эркинин өнүгүшүн стимулдаштырат.

*Мазмундун бирдиктүүлүгү жана дифференциациясы*. Атайын предметтер жана өндүрүштүк окутуу боюнча программалардын мазмуну, баштапкы кесиптик билим берүү системасынын окуу жайларынын типтери жана бул кесиптер үчүн бирдиктүү болуп саналуу менен бирге, ар бир кесип жана окуу жайынын тиби үчүн дифференциалуу аныкталышы зарыл. Ушуну менен бирге рационалдык өзгөчөлүктөрдү, ошондой эле окуучулар өгндүрүштүк окуудан жана өндүрүштүк практикадан өтө турган базалык ишканалардын конкреттүү шарттарын жана окуунун бүткөндөн кийин жумушка кандай жибериле тургандыгын эсепке алуу максаттарында, баштапкы кесиптик билим берүү жана окуу жайларынын жергиликтүү органдары, техниканын, технологиянын жана базалык ишканалардын өндүрүшүн уюштуруунун өзгөчөлүгүн чагылдырып көрсөтүүчү өзгөрүүлөрдү жана тактоолорду атайын предметтердин жана өндүрүштүк окуутунун окуу пландарына жана программаларына киргизүүгө тийиш. Ар бир кесип боюнча өндүрүштүк практиканын такталган программалары, эреже катарында, базалык ишканалардын адистери менен бирдикте түздөн-түз окуу жайларында иштелип чыгуулары керек.